КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

03-май 2022-жыл № 31 Тилекмат айылы

**«Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө Жобону бекитүү**

Айыл аймагыбызда жарандарды сыйлоонун жогорку формасы жана алардын мамлекетти жана демократиялык коомду, элдердин биримдигин коргоого жана чыңдоого, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана рухий потенциялын арттырууга кошкон салымы, ошондой эле мамлекеттин жана элдин алдында коомдук, гуманитардык, кайрымдуулук жана башка иштердеги сиңирген эмгегин эске алуу менен «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу боюнча Жобону бекитүү боюнча социалдык маселер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Кадырованын билдирүүсүн угуп, талкуулап айылдык кенеш токтом кылат:

1. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү Жобо бекитилсин. (1-тиркеме)

2. «Ак-Дөбө айыл аймагынын ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндөгү Жобого ылайык комиссия мүчөлөрү №2 тиркеме менен бекитилсин.

3. Комиссия мүчөлөрүнө Жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүү тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы жана айылдык кеңешинин социалдык маселер, маданий өнүгүү, укук жана спорт маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**